**“Беббо” платформасы ата-энелер үчүн мобилдик тиркемеси жана мектепке чейинки билим берүү педагогдору үчүн “Билимдүү муун” санарип окуу платформасы жөнүндө”**

Эрте курактагы балдардын өнүгүүсү боюнча ата-энелердин компетентүүлүгүн жогорулатуу, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн иштелип чыккан “Беббо” ата-энелер үчүн тиркемесин жана мектепке чейинки билим берүү педагогдору үчүн “Билимдүү муун” санарип окуу платформасынын иштөөсүн камсыздоо максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жанан илим министрлигинин Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту (А.Токтомаметов) мектепке чейинки билим берүү педагогдору үчүн “Билимдүү муун” санарип окуу платформасын туруктуу жана үзгүлтүксүз иштөөсүн жана жайылтуусун камсыздасын.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мектепке чейинки билим берүүнүн саясаты бөлүмү (Н.А. Касымова) Кыргыз Билим берүү Академиясы менен биргеликте эрте курактагы балдардын өнүгүүсү боюнча ата-энелердин компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн иштелип чыккан “Беббо” ата-энелер үчүн мобилдик тиркемесине керектүү материалдарды жайгаштырууну жана жайылтууну камсыздасын.

2. Бишкек шаарынын райондук билим берүү борборлорунун, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларына:

2.1. Тиешелүү аймакта жайгашкан менчиктин бардык түрлөрүнө жана формаларына карабастан бардык мектепке чейинки билим берүү уюмдарында аталган тиркемени жана платформаны пайдалануу боюнча аракеттерди көрүшсүн жана аткарылган иштер боюнча квартал сайын бөлүмгө маалымат берүү тапшырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коомчулук менен байланыш сектору (Н.К. Мырзабеков) бул буйрукту министрликтин сайтына жарыяласын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**

**Макулдашылды**

**МЧББСБнүн башчысы** **Н.А. Касымова**

Джураева, 663692